# Созулма өө тыбышы




Авторлор: Бакытжан Мырзатаева,

Венера Турдуманбетова

Сүрөтчү: Эльдар Есиналинов

# Созулма өө тыбышы

Авторлор: Бакытжан Мырзатаева,
Венера Турдуманбетова
Сүрөтчү: Эльдар Есиналинов

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Созулма өө тыбышы", "Төө мене Чөө" (кыргыз тилинде), автор Бакытжан Мырзатаева; "Көөкөр", "Төө ", ""Өө" - эгиздер" (кыргыз тилинде), автор Венера Турдуманбетова, сүрөтчү Эльдар Есиналинов

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.


Created with Bloom


# Чөө менен төө



Чөлдө чаңкаган чөө,
Суусунун кандырыш үчүн,
Дөңсөөгө чыгып алып,
Эки жагын карады.


Сөксөөлдүн жанынан,
Баймаңдаган төөнү көрүп,
Кызыкка батмакчы болуп,
Башынан ылдый көө жапты.






Сөөлжандай сойлоп,
Жөөктү бойлой басты.
Уйду туурап мөөрөп,
Төөнү коркутуп калды.

Төө бөөлөп бакырып,
Дөңсөөгө чыга качты.
Төөнү көргөн чөө,
Өзү да коркуп качты.



# Көөкөр




Көөкөр – кооз идиш. Көчмөн эл көөкөрдү көп колдонгон. Кол көөкөр жана жан көөкөр деген эки түрү бар. Кол көөкөр кымыз куйганга ыңгайлуу.

Жан көөкөрдү жолго чыкканда ээрдин кашына илип алышат. Көөкөр канжыга кайышка байланат. Көөкөр териден жасалат.



# Төө

Төө – өркөчтүү жаныбар. Өркөчүндө май бар. Ошондуктан ысыкка чыдамдуу. Чөлдө жашайт. Суусуз эки жумадан ашык жүрө алат.





Төө азыксыз бир ай чыдайт. Өркөчүндөгү майы кубат берет. Өз салмагынан оор жүктү узак аралыкка ташый алат.


Төөнүн жаңы туулган баласы бото болот. Андан кийин сүт тайлак (1 жаш), тай тайлак (2 жаш), кунан тайлак (3 жаш), бышты тайлак (4 жаш), асый тайлак (5 жаш) аталат. Төөнүн жүнү абдан пайдалуу. Андан кийим, жууркан жасалат.
Төө жууркaны өтө жылуу болот.




# “Өө” – эгиздер



Алыс жолду басканда,
Атчан ашат жөөдөн.
Адыр, тоону ашканда
Абайлай көр чөөдөн.




Боз үйлөрдүн сыйлуусу,
Боосу кооз ак өргөө!
Кайрактардын мыктысы,
Курчутуучу таш өгөө.



Айлап азык жебеген,
Айры өркөчтүү төө болот.
Казан ыш, сен тийбегин,
Кармасаң, кол көө болот.


Күчүк сүйүп кемирген,
Табакка сал сөөктү.
Суу жүрсө жер семирген,
Салабыз биз жөөктү.





Шайыр жеңем жаркылдап,
Шакек тагат сөөмөйгө.
Шашып келсең шартылдап,
Шак жетесиң мөөрөйгө!

Дүрбүдөгү көз болот,
“ӨӨ” – эгиздер жанашса.
Бирок башка сөз болот,
Бири-биринен адашса.



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

Авторлор: Бакытжан Мырзатаева,
Венера Турдуманбетова
Сүрөтчү: Эльдар Есиналинов

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли